6) К.Нанаев атындагы Арал орто мектебинин ашкансына камыр ачытуучу аппарат жана коридордун терезесине жалюзи алууга – 250,0(жүз элүү миң) сом;

7) “Каракол таза аймак” МИ НИВА автоунаасынын ремонт иштеринс 120,0(жүз жыйырма миң) сом;

Каракол айыл аймагынын Көпүрө-Базар айылына :

1) 200 квт кубатуулугу менен суу ысытуучу комплект казан, жеткирүү орнотуу, менен - 800,0(сегиз жүз миң ) сом;

2) Таза сууга суу сордуруучу насос 2 даана(Каракол бала бакчасына жана Р.Айдаралиев орто мектебине)- 110,0( бир жүз он миң миң) сом;

3) Жүзүнөн тааный турган видео камера – 1 даана жана залдарга класстарга 40 даана камера орнотуу ташып келүү менен - 640,( алты жүз кырк миң) сом;

4) Р.Айдаралиев орто мектебине лед. экран – 190,0( жүз токсон миң) сом;

5) Р.Айдаралиев орто мектебине акылдуу коңгуроо 60,0( алтымыш миң) сом;

3. Жогорудагы бөлүнгөн акча каражаттарын тез аранын ичинде өздөштүрүү(аба ырайы кескин төмөндөп, суук болуп кеткенге чейин), керектүү жабдууларды ж.б. түз жол менен сатып берүүнү уюштуруу “Талас Коппер Голд” ЖЧК суралсын.

4. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Каракол айыл өкмөтүнөн суралсын.

**Торайым:** **Э.Р.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги IX-сессиясынын № 130 токтому**

**15-октябрь 2025-жыл Арал айылы**

**Каракол айылдык кеңешинин бюджет жана экономика, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, муниципалдык менчик, инвестиция жана тышкы экономикалык байланыш боюнча тармактык туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 14-октябрындагы № 2 "Каракол айыл аймагынын жергиликтүү бюджетинин 2025-жылдын 9 айында калган каражаттарды бөлүү жана айыл аймагынын көйгөйлүү маселелерин каржылоого макулдук берүү жөнүндөгү" протоколдук чечимдери жөнүндө**

Каракол айылдык кеңешинин бюджет жана экономика, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, муниципалдык менчик, инвестиция жана тышкы экономикалык байланыш боюнча тармактык туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 14-октябрындагы № 2 "Каракол айыл аймагынын жергиликтүү бюджетинин 2025-жылдын 9 айында калган каражаттарды бөлүү жана айыл аймагынын көйгөйлүү маселелерин каржылоого макулдук берүү жөнүндөгү" протоколдук чечимдери менен таанышып жана талкуулап чыгып, кезектеги сессия **токтом кылат:**

1. 2025-жылдын жергиликтүү бюджетинин аткарылышынан курулушу бөлүмүнүн 3111-3112- статьяларынан калган
   - Сүт заводунун курулушуна өздүк салым катары каралган - 10000,0(он миллион) сом;
   - Сүт танкерин орнотууга каралган - 4200,0(төрт миллион эки жүз миң) сом;
   - жалпы суммасы 14,2( он төрт миллион эки жүз) сом

акча каражаты айыл аймагынын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн программасын ишке ашырууга жана жергиликтүү коомчулуктун социалдык-тиричилик шарттарын каржылоого макулдук берилсин.

- Арал айылына Беларус 952,2(күчөтүлгөн арткы орнотулган шайманы жана кондиционер менен) маркасындагы трактор ПЛН 4-35 маркасындагы сокосу менен сатып алууга- 3000,0( үч миллион ) сом;
- Каракол айыл аймагына жүзүнөн таануучу камераларды орнотууга – 2000,0(эки миллион)сом;
- Арал айылындагы таза суунун башкы курулмаларына хлоратор – 1500,0( бир миллион беш жүз миң) сом;
- Үч-Эмчек айылына СПРИНТЕР автоунаасын сатып алууга 2500,0(эки миллион беш жүз миң) сом;
- Көпүрө-Базар айылынын ички көчөлөрүн жарыктандырууга - 1000,0 (бир миллион) сом;
- Каракол айыл аймагындагы жаңы конуштарга электр чубалгыларын(керектүү жабдуулары менен сатып алып) жана Бүргө Баатыр чек ара заставасы жайгашкан жерге прожекторлорду орнотууга – 1400,0 ( бир миллион төрт жүз миң) сом ;

2. Бөлүнгөн акча каражатынын максаттуу пайдалануусун көзөмөлдөө жагы тармактык туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Каракол айыл өкмөтүнөн суралсын.

**Төрайым** **Э.Р.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги IX-сессиясынын № 131 токтому**

**15-октябрь** **2025-жыл** **Арал айылы**

**Каракол айыл аймагындагы Үч- Эмчек айылындагы Нур-Желеси мектепке чейинки билим берүү ишканасынын чатырын, сырткы фасадын жана ички ремонт иштерин жасоо боюнча дем берүүчү үлүштүк грантка долбоор жазууга макулдук берүү жөнүндө**

Үч- Эмчек айылындагы Нур-Желеси мектепке чейинки билим берүү ишканасынын чатырын , сырткы фасадын жана имараттын ички ремонт иштерин жасоого дем берүүчү үлүштүк грантка долбоор жазууга макулдук берүү боюнча айыл өкмөтүнүн башчысынын сунушун угуп жана талкуулап чыгып, Каракол айылдык кеңешинин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Үч- Эмчек айылындагы Нур-Желеси мектепке чейинки билим берүү ишканасынын чатырын , сырткы фасадын жана имараттын ички ремонт иштерин жасоо боюнча дем берүүчү үлүштүк грантка долбоор жазууга макулдук берилсин.
2. Долбоордун өздүк салымы катары 825,0( сегиз жүз жыйырма беш миң) сом акча каражаты 2026-жылдын бюджетинен каралсын.
3. Долбоорго керектүү юридикалык документтерди даярдоо жагы Каракол айыл өкмөтүнүн жер, жайыт жана айыл чарба маселелери боюнча башкы адиси Ж.Иманкуловго милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

Төрайым Э.Р.Тилекова

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги IX-сессиясынын № 132 токтому**

**15-октябрь 2025-жыл Арал айылы**

**Каракол айыл аймагынын Арал айылындагы кичи футбол аятчасынын чатырын жабууга дем берүүчү үлүштүк грантка долбоор жазууга макулдук берүү жөнүндө**

Каракол айыл аймагынын Арал айылындагы кичи футбол аятчасынын чатырын жабууга дем берүүчү үлүштүк грантка долбоор жазууга макулдук берүү боюнча айыл өкмөтүнүн башчысынын сунушун угуп жана талкуулап чыгып, Каракол айылдык кеңешинин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Каракол айыл аймагынын Арал айылындагы кичи футбол аятчасынын чатырын жабууга дем берүүчү үлүштүк грантка долбоор жазууга макулдук берилсин.
2. Долбоордун өздүк салымы катары 825,0( сегиз жүз жыйырма беш миң) сом акча каражаты 2026-жылдын бюджеттен каралсын.
3. Талас районунун шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалыгынан шаар куруу кортундусун(ГЗ) жана схемалык планын ж.б. керектүү юридикалык документтерди алуу жагы Каракол айыл өкмөтүнүн жер, жайыт жана айыл чарба маселелери боюнча башкы адиси Ж.Иманкуловго милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

**Төрайым Э.Р.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешииин кезектеги IX-сессиясынын № 133 токтому**

**15-октябрь 2025-жыл Арал айылы**

**Каракол айыл аймагынын Көпүрө-Базар айылындагы кичи футбол аятчасынын чатырын жабууга дем берүүчү үлүштүк грантка долбоор жазууга макулдук берүү жөнүндө**

Каракол айыл аймагынын Көпүрө-Базар айылындагы кичи футбол аятчасынын чатырын жабууга дем берүүчү үлүштүк грантка долбоор жазууга макулдук берүү боюнча айыл өкмөтүнүн башчысынын сунушун угуп жана талкуулап чыгып, Каракол айылдык кеңешинин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Каракол айыл аймагынын Көпүрө-Базар айылындагы кичи футбол аятчасынын чатырын жабууга дем берүүчү үлүштүк грантка долбоор жазууга макулдук берилсин.
2. Долбоордун өздүк салымы катары 825,0( сегиз жүз жыйырма беш миң) сом акча каражаты 2026-жылдын бюджеттен каралсын.
3. Талас районунун шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалыгынан шаар куруу кортундусун(ГЗ) жана схемалык планын ж.б. керектүү юридикалык документтерди алуу жагы Каракол айыл өкмөтүнүн жер, жайыт жана айыл чарба маселелери боюнча башкы адиси Ж.Иманкуловго милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

**Төрайым** **Э.Р.Тилекова**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ<br>КАРАКОЛЬСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги IX-сессиясынын № 134 токтому**

**15-октябрь** **2025-жыл** **Арал айылы**

**Каракол айыл аймагынын Көпүрө-Базар айылынын маданият үйүн капиталдык ремонттон өткөрүүгө дем берүүчү үлүштүк грантка долбоор жазууга макулдук берүү жөнүндө**

Каракол айыл аймагынын Көпүрө-Базар айылынын маданият үйүн капиталдык ремонттон өткөрүүгө дем берүүчү үлүштүк грантка долбоор жазууга макулдук берүү боюнча айыл өкмөтүнүн башчысынын сунушун угуп жана талкуулап чыгып, Каракол айылдык кеңешинин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Каракол айыл аймагынын Көпүрө-Базар айылынын маданият үйүн капиталдык ремонттон өткөрүүгө дем берүүчү үлүштүк грантка долбоор жазууга макулдук берилсин.
2. Долбоордун өздүк салымы катары 825,0( сегиз жүз жыйырма беш миң) сом акча каражаты 2026-жылдын бюджеттен каралсын.
3. Талас районунун шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалыгынан шаар куруу кортундусун(ГЗ) жана схемалык планын ж.б. керектүү юридикалык документтерди алуу жагы Каракол айыл өкмөтүнүн жер, жайыт жана айыл чарба маселелери боюнча башкы адиси Ж.Иманкуловго милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

**Төрайым** **Э.Р.Тилекова**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛУСУ**<br>**ТАЛАС РАЙОНУ**<br>**КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**<br>**КАРАКОЛЬСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги IX-сессиясынын № 135 токтому**

**15-октябрь 2025-жыл Арал айылы**

**Каракол айыл аймагынын Үч-Эмчек айылындагы К.Каимов атындагы орто мектебинин кошумча корпусунун ичин капиталдык ремонттон өткөрүүгө дем берүүчү үлүштүк грантка долбоор жазууга макулдук берүү жөнүндө**

Каракол айыл аймагынын Үч-Эмчек айылындагы К.Каимов атындагы орто мектебинин кошумча корпусунун ичин капиталдык ремонттон өткөрүүгө дем берүүчү үлүштүк грантка долбоор жазууга макулдук берүү боюнча айыл өкмөтүнүн башчысынын сунушун угуп жана талкуулап чыгып, Каракол айылдык кеңешинин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Каракол айыл аймагынын Үч-Эмчек айылындагы К.Каимов атындагы орто мектебинин кошумча корпусунун ичин капиталдык ремонттон өткөрүүгө дем берүүчү үлүштүк грантка долбоор жазууга макулдук берилсин.
2. Долбоордун өздүк салымы катары 825,0( сегиз жүз жыйырма беш миң) сом акча каражаты 2026-жылдын бюджеттен каралсын.
3. Талас районунун шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалыгынан шаар куруу кортундусун(ГЗ) жана схемалык планын ж.б. керектүү юридикалык документтерди алуу жагы Каракол айыл өкмөтүнүн жер, жайыт жана айыл чарба маселелери боюнча башкы адиси Ж.Иманкуловго милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

**Төрайым** **Э.Р.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги IX-сессиясынын № 136 токтому**

**15-октябрь 2025-жыл Арал айылы**

**Каракол айылдык кеңешинин бюджет жана экономика, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, муниципалдык менчик, инвестиция жана тышкы экономикалык байланыш боюнча тармактык туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 14-октябрындагы № 2 "Каракол айыл аймагынын жергиликтүү бюджетинин 2025-жылдын 9 айында пайдаланылбай калган жана үнөмдөлгөн каражаттарды бөлүү жана айыл аймагынын көйгөйлүү маселелерин каржылоого макулдук берүү жөнүндөгү" протоколдук чечимдери жөнүндө**

Каракол айылдык кеңешинин бюджет жана экономика, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, муниципалдык менчик, инвестиция жана тышкы экономикалык байланыш боюнча тармактык туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 14-октябрындагы № 2 "Каракол айыл аймагынын жергиликтүү бюджетинин 2025-жылдын 9 айында пайдаланылбай калган жана үнөмдөлгөн каражаттарды айыл аймагынын көйгөйлүү маселелерин каржылоого макулдук берүү жөнүндөгү" протоколдук чечимдери менен таанышып жана талкуулап чыгып, кезектеги сессия **токтом кылат:**

1. Көпүрө-Базар айылына парк курууга ( 06.08.2024-ж, токтом №53) жергиликтүү бюджеттин эркин каражат эсебинен бөлүнгөн 4(төрт) млн сом акча каражатынын багыты өзгөртүү жана бөлүнгөн акча каражатын айылдын көйгөйлүү маселелерин чечүүгө каржылоо жөнүндөгү Каракол айыл аймагынын айылдык кенешинин 2025-жылдын 18-сентябрындагы №114 токтомуна толуктоолор, өзгөртүүлөр киргизилип, эркин каражат эсебинен бөлүнүп, бирок пайдаланылбай калган акча каражаты Көпүрө-Базар айылынын жана айыл аймагындагы мекеме-уюмдардын социалдык-тиричилик шарттарын каржылоого макулдук берилсин:

- Көпүрө-Базар айылындагы Жаңы -Арык ж.б каналдарынын ремонттоого – 2411,1 миң сом акча каражаты жергиликтүү бюджеттин курулуш бөлүмүнүн 3111-статьясынан,

- Кум-Бел каналын ремонттон откорүү үчүн жетпей калган акча каражатын толуктоого 955,0 миң сом акча каражаты жергиликтүү бюджеттин курулуш бөлүмүнүн 3111-статьясынан,

- Каракол айыл аймагындагы үч айылдын мекеме -уюмдарына акылдуу эсептегич алууга - 633,9 миң сом акча каражаты жергиликтүү бюджеттин 2215-статьясынан;

2. Бөлүнгөн акча каражатынын максаттуу пайдалануусун көзөмөлдөө жагы тармактык туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

3. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Каракол айыл өкмөтүнөн суралсын.

**Төрайым** **Э.Р.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги IX-сессиясынын № 137 токтому**

**15-октябрь 2025-жыл Арал айылы**

**Каракол айыл аймагындагы М.Сейталиев орто мектебинин түндүк тарабын темир тосмо менен тосууга акча каражатын бөлүү жөнүндө**

Каракол айылдык кеңешинин бюджет жана экономика, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, муниципалдык менчик, инвестиция жана тышкы экономикалык байланыш боюнча тармактык туруктуу комиссиясынын протоколдук чечимдерин карап жана талкуулап чыгып, кезектеги сессия **токтом кылат:**

1. Каракол айыл аймагындагы М.Сейталиев орто мектебинин түндүк тарабын темир тосмо менен тосууга айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин курулуш бөлүмүнүн 3111 - статьяларынан 480,0( төрт жүз сексен миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

2. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынан суралсын.

**Төрайым Э.Р.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги IX-сессиясынын № 138 токтому**

**15-октябрь 2025-жыл Арал айылы**

**Каракол айыл аймагындагы Төш-Машат таза суу куйулмасынын башкы булагынын тегерегин курчоого акча каражатын бөлүү жөнүндө**

Каракол айылдык кеңешинин бюджет жана экономика, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, муниципалдык менчик, инвестиция жана тышкы экономикалык байланыш боюнча тармактык туруктуу комиссиясынын «Төш-Машат таза суу куйулмасынын башкы булагынын тегерегин курчоого акча каражатын бөлүү жөнүндө» протоколдук чечимдерин карап жана талкуулап чыгып, кезектеги сессия **токтом кылат:**

1. Төш-Машат таза суу куйулмасынын башкы булагынын тегерегин курчоо үчүн керектелүүчү - 150,0( бир жүз элүү мин ) сом акча каражаты (айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин курулуш бөлүмүнүн 3111-3112-статьяларында турган , бирок бюджеттин аткарылышынын 9 айлык жыйынтыгына чейин пайдаланылбай калган 14200,0 миң сом акча каражатынын багытын өзгөртүп, тиешелүү статьяларга отургузуу менен аталган акча каражатынын эсебинен) жергиликтүү бюджеттин ар кандай курулуш иштери бөлүмүнүн 3111-статьясынан бөлүнүп берилсин.

2. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынан суралсын.

**Төрайым Э.Р.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги IX-сессиясынын № 139 токтому**

**15-октябрь 2025-жыл Арал айылы**

**"Ардагерлер аллеясы" долбоорун ишке ашыруу жана Жобону бекитүү жөнүндө**

"Ардагерлер аллеясы" долбоорун ишке ашыруу жана Жобону бекитүү жөнүндөгү айылдык кеңештин төрайымынын орун басары Сулайманов Бакыт Досумбековичтин билдирүүсүн угуп жана талкуулап чыгып, кезектеги сессия **токтом кылат:**

1. "Ардагерлер аллеясы" долбоорун ишке ашырууга макулдук берилсин.
2. "Ардагерлер аллеясы" жөнүндө Жобо бекитилсин(Жобо тиркелет).
3. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынан суралсын.

**Төрайым** **Э.Р.Тилекова**

**Каракол айылдык Кенешинин 2025-жылдын 15-октябрындагы № 13**
**токтому менен бекитилди**

# “АРДАГЕРЛЕР АЛЛЕЯСЫ” ТУУРАЛУУ ЖОБО

**алпы жоболор**

1.1. Бул жобо Талас облусу, Талас району, Каракол айыл аймагына караштуу Көпүрө-Базар айылында курула турган **«Ардагерлер аллеясы»** долбоорун ишке ашыруунун тартибин, талаптарын жана жоопкерчиликтерин аныктайт.

1.2. Долбоорду **Каракол айыл өкмөтү** жана **«Көпүрө-Базар» коомдук бирикмеси** биргелешип ишке ашырат.

1.3. Жобо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоболоруна ылайык ишке ашырылат.

1.4. «Ардагерлер аллеясы» — коомдук эс алуу жана маданий мааниси бар ачык жай болуп, эмгек ардагерлеринин эмгегин баалоо, алардын ысымдарын түбөлүктөштүрүү жана жаш муундарды мекенчилдикке үндөө максатын көздөйт.

## II. Максат жана милдеттер

**Максаттары:**

- Эмгек ардагерлеринин эл үчүн кылган кызматын эскерүү жана урмат көрсөтүү;
- Ардагерлердин ысымдарын түбөлүктөштүрүү;
- Жаш муундарды эмгекке, мекенчилдикке жана улууларды урматтоого тарбиялоо;
- Айылдын коомдук жана маданий чөйрөсүн жакшыртуу.

**Милдеттери:**

- Аллеянын архитектуралык долбоорун жана уруксат документтерин даярдоо;
- Ардагерлердин тизмесин орден жана эмгеги боюнча аныктоо;
- Эстеликтерди, постаменттерди жана ардак такталарды орнотуу;
- Жолдорду, отургучтарды, гүлзарларды жана жарыктандыруу системасын куруу;
- Аллеянын тазалыгын жана коопсуздугун камсыз кылуу;
- Патриоттук иш-чараларды үзгүлтүксүз өткөрүү.

## III. Эстелик коюуга талаптар

3.1. Эстелик коюлуучу жаран төмөнкү талаптарга жооп бериши керек:

- Кыргыз Республикасынын же мурдагы СССРдин мамлекеттик ордени менен сыйланган болушу;
- Айылдын социалдык, экономикалык, билим берүү же маданий өнүгүшүнө салым кошкон болушу;
- Коомдо кадыр-барктуу, абийирдүү инсан болушу;
- Үй-бүлөсүнүн же жакын туугандарынын жазуу түрүндөгү макулдугу болушу.

3.2. Ар бир сунуш айыл тургундарынын (кеминде 10 адамдын) колу коюлган сунуш каты менен коштолот.

3.3. Эстелик коюу иштери айыл өкмөтүнүн жана айылдык кеңештин чечими менен гана жүргүзүлөт.

## IV. Аллеяны куруу жана жайгаштыруу тартиби

4.1. Аллея **Көпүрө-Базар айылындагы клуб менен айыл кеңсесинин ортосунда**, Ленин эстелигинин айланасында жайгашып, ______ **гектар** жерди ээлейт.

4.2. Аллеянын курулушу 2026-жылдын 1-апрелинен 2027-жылдын 15-августуна чейин жүргүзүлөт.

Курулуш долбоору айыл өкмөтүнүн жана тиешелүү мекемелердин уруксаты менен демөөрчүлөр тарабынан даярдалат.

4.4. Эстелик орнотула турган инсандардын тизмесин **Көпүрө-Базар айылдык кеңешинин депутаттары 2026-жылдын 30-мартына чейин** аныктап, **Каракол айылдык кеңешинин сессиясында бекитет**.

## V. Аллеянын түзүмү жана материалдык курамы

| № | Объекттин аталышы | Сыпаттамасы | Материал |
|---|---|---|---|
| | Эстелик-композиция | Ардагерлерге арналган постамент менен айкел | Бетон, гранит, металл |
| | Ардак такталар | Ардагерлердин ысымдары, туулган жана каза болгон жылдары | Гранит таш |
| | Гүлзарлар жана дарактар | Жаратылыш кооздугун камсыз кылуу | Жер, гүл, дарактар |
| | Жолдор | Жөө жүрүү жолдору | Декоративдик таш |
| | Отургучтар жана чатырлар | Эс алуу үчүн | Темир, жыгач |
| | Жарыктандыруу | Коопсуздук жана кооздук үчүн | Электр системасы |

## VI. Каржылоо

6.1. Аллеянын курулушу жана ишке ашырылышы төмөнкү булактардан каржыланат:

- Каракол айыл өкмөтүнүн бюджети;
- Коомдук жана жеке демөөрчүлөрдүн каражаттары;
- Айкел орнотулуучу инсандардын мураскерлеринин салымы;
- Айыл тургундарынын ыктыярдуу салымдары.

6.2. Аллеяны куруу иштеринин негизги бөлүгүн демөөрчүлөр каржылайт.

6.3. Аллеянын тазалыгын, оңдоосун жана тейлөөсүн камсыз кылуу **айыл өкмөтүнүн жоопкерчилигинде** болот.

## VII. Коомдук жана тарбиялык мааниси

7.1. Ар жыл сайын “Жеңиш күнү”, “Айыл күнү”, “Эмгекчилдер күнү” сыяктуу майрамдарда эстеликтерге гүл коюу жана эскерүү иш-чаралары өткөрүлөт.
7.2. Мектептерде, маданият үйүндө жана коомдук жайларда патриоттук жолугушуулар, тарых сабактары, экскурсиялар уюштурулат.
7.3. Ар бир ардагер тууралуу маалымат айылдын тарыхый бурчуна жана мектеп музейине жайгаштырылат.

## VIII. Жобонун күчүнө кириши

8.1. Бул жобо Каракол айылдык кеңешинин чечими менен бекитилген күндөн тартып күчүнө кирет.
8.2. Жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор айылдык кеңештин чечими менен гана киргизилет.
8.3. Аткарылышын камсыз кылуу **Каракол айыл өкмөтүнүн башчысына жана түзүлгөн комиссияга** жүктөлөт.

---

**Тиркемелер:**

стелик орнотуу үчүн документтердин үлгүсү;
омиссиянын курамы;
рхитектуралык план жана аллеянын схемасы;
стелик жазуусунун стандарттык үлгүсү.

**Каракол айылдык кенешинин төрайымынын орун басары:** Б. [signature] **Б.Сулайманов**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги IX-сессиясынын № 140 токтому**

**15-октябрь 2025-жыл Арал айылы**

**Ар кандай маселелер**

Арал айылындагы Үмот Молдо атындагы мектепке чейинки билим берүү ишканасына көмөкчү чарба катары берилген 0,80 га жердин документтерин тактоо, ДМЧ балдарга коляска алуу , Каракол бала бакчасына каржыланбай калган 15 тонна көмүргө жана М.Сейталиев атындагы орто мектебин тегерегин темир тосмо менен тосууга керектелүүчү акча каражатын 2026-жылдын бюджетинен кароо жөнүндөгү депутаттардын ой пикирлеринин сунуштарын угуп жана талкуулап чыгып, кезектеги сессия **токтом кылат:**

1. Арал айылындагы Үмөт Молдо атындагы мектепке чейинки билим берүү ишканасына көмөкчү чарба катары берилген 0,80 га жердин документтерин тактоо жагы айыл өкмөтүнүн жер боюнча башкы адисине милдеттендирүү жагы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынан суралсын.
2. ДМЧ балдарга коляска алуу боюнча райондук социалдык коргоо башкармалыгынын башчысы менен сүйлөшүүлөр болгондугуна байланыштуу ар бир айылдагы соц. кызматкерлер тактоо иштерин жүргүзүп, тиешелүү документтер менен баруу жагы милдеттендирилсин.
3. Каракол бала бакчасына каржыланбай калган 15 тонна көмүр 2026-жылдын бюджетинен каралсын.
4. М.Сейталиев орто мекетбинин тегерегин темир тосмо менен тосуу иштерин толук аяктоо үчүн акча каражаты 2026-жылдын бюджетинен каралсын.
5. КР көрүстөндөрүндө көмүү жайларын брондоо тартиби боюнча маселе Элдик жыйындын кароосуна калтырылсын.
6. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынан суралсын.

Төрайым Э.Р.Тилекова

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги IX-сессиясынын № 141 токтому**

**15-октябрь 2025-жыл Арал айылы**

**Каракол айыл аймагынын Арал айылындагы Зулпукор күмбөзүн жана күмбөздүн ээлеген ордун изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн "Кыргыз улуттук Манас ордо комплексине" өткөрүп берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин Көөнө тарых сырлары аттуу жарлыгын жана КР Президентинин Талас облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 24.09.2025-жылдагы №276 сандуу буйругун аткарууга алып, Арал айылындагы Зулпукор күмбөзүнө, анын ээлеген ордуна изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн "Кыргыз улуттук Манас ордо комплексине" өткөрүп берүү максатында Каракол айылдык кеңешинин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Каракол айыл аймагынын Арал айылындагы Зулпукор күмбөзүн жана күмбөздүн ээлеген орду изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн "Кыргыз улуттук Манас ордо комплексине" өткөрүп берилсин.

2. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынан суралсын.

**Төрайым Э.Р.Тилекова**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**
**КАРАКОЛЬСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

## Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги IX-сессиясынын № 142 токтому

**15-октябрь** **2025-жыл** **Арал айылы**

### Каракол айыл аймагындагы маршруттук каттамдардын жол акысын көтөрүү жөнүндөгү “ЖААТАЙ-АВТОТРАНС” ЖЧКнун кайрылуу каты жөнүндө

Каракол айыл аймагындагы маршруттук каттамдардын жол акысын көтөрүү жөнүндөгү “ЖААТАЙ-АВТОТРАНС” ЖЧКнун жана Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынын кайрылуусунун негизинде Каракол айылдык кеңешинин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Бензиндин наркынын кескин жогорулап кеткендигине байланыштуу Талас-Көпүрө-Базар каттамынын жол кире акысын 150 сомго, Талас- Арал жана Талас – Үч-Эмчек каттамдарынын жол кире акысын 60 сомго көтөрүү жөнүндөгү “ЖААТАЙ-АВТОТРАНС” ЖЧКнун сунушуна макулдук берилсин.
2. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысынан суралсын.

**Төрайым** **Э.Р.Тилекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КАРАКОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ
КАРАКОЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Каракол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезектеги IX-сессиясынын № 143 токтому**

**15-октябрь** **2025-жыл** **Арал айылы**

**Каракол айыл аймагынын Үч-Эмчек айылындагы К.Каимов атындагы орто мектебинин бош турган кабинеттерин капиталдык ремонттон өткөрүп, эмгек ж.б. кружок класстарына айландыруу үчүн дем берүүчү үлүштүк грантка долбоор жазууга макулдук берүү жөнүндө**

Каракол айыл аймагынын Үч-Эмчек айылындагы К.Каимов атындагы орто мектебинин бош турган кабинеттерин капиталдык ремонттон өткөрүп, эмгек ж.б. кружок класстарына айландырууга дем берүүчү үлүштүк грантка долбоор жазууга макулдук берүү боюнча айыл өкмөтүнүн башчысынын сунушун угуп жана талкуулап чыгып, Каракол айылдык кеңешинин кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Каракол айыл аймагынын Үч-Эмчек айылындагы К.Каимов атындагы орто мектебинин бош турган кабинеттерин капиталдык ремонттон өткөрүп, эмгек ж.б. кружок класстарына айландырууга дем берүүчү үлүштүк грантка долбоор жазууга макулдук берилсин.
2. Долбоордун өздүк салымы катары 825,0( сегиз жүз жыйырма беш миң) сом акча каражаты 2026-жылдын бюджеттен каралсын.
3. Талас районунун шаар куруу жана архитектура боюнча башкармалыгынан шаар куруу корутундусун(ГЗ) жана схемалык планын ж.б. керектүү юридикалык документтерди алуу жагы Каракол айыл өкмөтүнүн жер, жайыт жана айыл чарба маселелери боюнча башкы адиси Ж.Иманкуловго милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышы Каракол айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

**Төрайым** **Э.Р.Тилекова**